| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 3 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К.Турусбекова<br>______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>______________<br>2024-ж. «29» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжиндеги жатаканада жашоо тартиби жана эрежелери жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Аталган Жобо И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Политехникалык колледжинин (мындан ары – Университет жана Колледж ылайыгына жараша) кызматкерлери жана билим алуучуларынын (мындан ары – Жашоочулар) бардыгы үчүн жашоо шарты жана коопсуздук талаптарын, ички тартибинин эрежелерин жөнгө салат, Колледжге бекитилген Университеттин №1 жатаканасынын кабатында.

1.2. Аталган Жобо “И.Раззакаов атындагы КМТУнун жатакана жөнүндөгү” Жобосуна, И.Раззаков атындагы КМТУун жатаканасындагы өрт коопсуздугу эрежелерине, “И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин жатканасы жөнүндөгү” Жобосуна, И.Раззаков атындагы Политехникалык колледжинин билим алуучулары бирдиктүү талаптарына жана Университет менен Колледждин башка жергиликтүү актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Университеттин ректораты, Колледж администрациясы:
- оңдоо иштерин жүргүзүү жана кароодо Университеттин жана Колледждин ыйгарым укуктуу өкүлүнө имаратка тоскоолдуксуз кирүүгө;
- аталган Жобо бузулду деген шектенүү болсо, тартиптик максатта текшерүү жүргүзүүгө;
- имараттагы же жабдуулардагы өзгөртүүлөр, тыюу салынган колдонуулар, келтирилген зыяндар үчүн жазалоого;
- тыюу салынган же туура эмес колдонулган буюмду алып салууга;
- аталган Жободо жазылган эрежелерди бузууда жашоочулардан айып пул өндүрүүгө, көчүрүүгө же кетирүүгө;

## 2. Жатаканадагы мүлктү пайдалануу

2.1. Жашоочу, жатаканага кирүүчү Колледждин мүлкүн пайдаланууда материалдык жоопкерчиликте болуусун тушүнүүсү керек.

2.2. Жашоочу төмөндөгү эрежелерди бузса, жатакана мүлкүнө атайын же кокустан зыян келтирип алса айып пул салынат жана “И.Раззакаов атындагы КМТУнун жатакана жөнүндөгү” Жобосуна жана “И.Раззаков атындагы КМТУнун